ТҮРК ТИЛДҮҮ ӨЛКӨЛӨРДҮН ПАРЛАМЕНТТИК АССАМБЛЕЯСЫ

ЧОЛПОН-АТА ДЕКЛАРАЦИЯСЫ

2022-жылдын 24-июнунда Кыргыз Республикасынын Чолпон-Ата шаарында Азербайжан Республикасынын Милли Межлисинин, Казакстан Республикасынын Парламентинин, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин, Түркия Республикасынын Улуу Улуттук Жыйынынын, ошондой эле байкоочу катары Венгриянын Улуттук Жыйынынын, конок катары Түркмөнстандын Милли Генгешинин жана Өзбекстан Республикасынын Олий Мажлисинин мүчөлөрүнүн катышуусунда Түрк тилдүү өлкөлөрдүн Парламенттик Ассамблеясынын (ТүркПА) Он биринчи Пленардык отуруму болуп өттү.

Парламенттик Ассамблея:

- Парламенттер аралык кызматташтыкты тереңдетүүгө мүчө мамлекеттердин ыктыярын *билдирүү менен* жана буга байланыштуу 2008-жылдын 21-ноябрындагы ТүркПАны түзүү жөнүндө Стамбул Макулдашуусуна шилтеме кылып жана ТүркПАнын буга чейинки декларацияларын эске алып*;*

- Мүчө мамлекеттердин башкаруу тутумдарында парламенттердин өзгөчө ролун жана алардын түрк мамлекеттердин ортосундагы жалпы тарыхый, тилдик жана маданий байланыштарга жана баалуулуктарга негизделген ар тараптуу кызматташтыкты чыңдоого кошкон салымын *баса белгилеп;*

- Тынчтыкты, коопсуздукту жана туруктуу өнүгүүгө жетишүү жана аны сактап калууда парламенттик дипломатиянын ролуна *баса белгилеп;*

- Түрк мамлекеттеринин ортосундагы, айрыкча дүйнөдөгү саясий чыңалуунун күчөшүнүн фонунда тыгыз өз ара аракеттенүүнүн маанисин *баса белгилеп;*

- Пандемияга байланыштуу чакырыктарды чечүүдө түрк мамлекеттердин кызматташуусун глобалдык аракеттерге олуттуу салым катары *баалап;*

- Мүчө мамлекеттердин улуттук мыйзамдарын шайкеш келтирүүнүн биргелешкен аракеттери катары моделдик мыйзамдарды иштеп чыгуу боюнча ишмердүүлүгүн жана түрк кызматташтыгынын алкагындагы демилгелер менен иш-чараларга мыйзамдык колдоо көрсөтүүнү *баса белгилеп*;

- Эгемендүүлүктү, аймактык бүтүндүктү жана эл аралык таанылган чек аралардын кол тийилбестигин урматтоо жана колдоо, ички иштерге кийлигишпөө сыяктуу эл аралык укуктук нормалардын жана принциптердин милдеттенмелерин *ырастап;*

- 2021-жылдын 28-сентябрында Түрк дүйнөсүнүн руханий борборунда – Түркстан шаарында өткөн Онунчу Пленардык отурумдан кийин Ассамблеянын алкагындагы кызматташтыктын олуттуу прогрессин *кубаттоо менен;*

Төмөнкүлөрдү билдирет:

САЯСИЙ, УКУКТУК ЖАНА КООПСУЗДУК МАСЕЛЕЛЕРИ

1. “Түрк тилдүү өлкөлөрдүн Парламенттик Ассамблеясынын” аталышын “Түрк мамлекеттердин Парламенттик Ассамблеясы” деп өзгөртүү чечимин кубаттайт жана бул түрк дүйнөсүндөгү парламенттер аралык кызматташтыкты мындан ары өнүктүрүүгө салым кошо турган маанилүү этап катары баалайт;

2. Ар тараптуу кызматташуунун негизги багыттарын камтыган жана парламенттер аралык кызматташтыктын натыйжалуулугун жогорулатуу боюнча иш-аракеттерди чагылдырган ТүркПАнын 2023-2028-жылдарга Стратегиялык жол картасын иштеп чыгууну жогору баалайт;

3. Түрк мамлекеттердин ортосундагы дипломатиялык мамилелердин 30 жылдыгына карата куттуктоолорун жолдойт;

4. Конфликтен кийинки реабилитация, реконструкциялоо жана реинтеграциялоо аракеттери боюнча Азербайжан Республикасынын Өкмөтү менен тилектештигин билдирет жана мүчө менен байкоочу мамлекеттерди бул процесске колдоо көрсөтүүгө жана салым кошууга чакырат, ошондой эле Азербайжанды бул жаатта жетишкендиктери менен, анын ичинде Азербайжандын Карабак аймагында аба жол чыгуу катары белгилүү болгон, бошотулган аймактарды калыбына келтирүүдө маанилүү

роль ойногон Физули эл аралык аэропортунун ачылышы менен куттуктайт;

5. Азербайжан Республикасы сунуш кылган беш негизги принциптин негизинде Армения менен мамилелерди нормалдаштыруу боюнча Азербайжан Республикасынын аракеттерин колдойт, жана бул өнүгүү Түштүк Кавказда туруктуу тынчтыкка, стабилдүүлүккө жана туруктуу өнүгүүгө жетишүүнүн маанилүү фактору болот деп ишенет;

6. Азербайжандын Кошулбоо Кыймылынын (КК) алкагындагы парламенттик кызматташууну демилгелөө боюнча Кыймылга төрагалыгындагы аракеттерин жана ушул контекстте 2021-жылдын 28-ноябрында Испаниянын Мадрид шаарында Кошулбоо Кыймылынын (КК) Парламенттик тармагынын Инаугурациялык жыйынын уюштуруусун жогору баалайт жана жолугушуунун жыйынтыктарын кубаттайт; маанилүү саясий жана процедуралык документтерди кабыл алуу боюнча күтүлүп жаткан Блокторго кошулбоо кыймылынын парламенттик тармактагы алдыдагы Баку конференциясын чыдамсыздык менен күтөт;

7. 2022-жылдын 16-18-майында Баку шаарында Экономикалык Кызматташтык Уюмунун Парламенттик Ассамблеясынын (ЭКУ ПА) 3-Башкы Конференциясын жана 2022-жылдын 16-18-июнунда «Глобалдык дүйнөлүк тартипке чакырыктар» аттуу ураандын алдында глобалдык маанидеги маселелерди талкуулоо үчүн маанилүү аянтча болгон 9-Глобалдык Баку форумунун ийгиликтүү уюштуруусу менен Азербайжан Республикасын куттуктайт;

8. Азербайжан Республикасын 2021-2025-жылдарга ЮНЕСКОнун Аткаруу кеңешинин мүчөлүгүнө, 2021-2025-жылдарга куралдуу кагылышуулар учурунда ЮНЕСКОнун маданий байлыктарды коргоо боюнча өкмөттөр аралык комитетинин мүчөлүгүнө шайлануусу менен жана 2022-жылдын январь-апрель айларында ЕККУнун Коопсуздук жаатындагы кызматташтык боюнча форумуна төрагалыгын ийгиликтүү аякташы менен куттуктайт;

9. Казакстан Республикасынын Президенти Касым-Жомарт Токаев тарабынан сунушталган өлкөнүн саясий, укуктук, социалдык-экономикалык жана медиа климатын өзгөртүүгө багытталган реформаларды ишке ашыруунун, анын ичинде шайлоо системасына өзгөртүүлөрдү киргизүүнүн жана парламенттин ыйгарым укуктарын кеңейтүүнүн маанилүүлүгүн белгилейт; бул контекстте 2022-жылдын 5-июнунда өткөн Конституцияга өзгөртүүлөрдү киргизүү боюнча референдум Казакстан элинин жогорку кызыгуусу менен тынчтык

жана бейпилдик атмосферасында аяктаганына канааттануусун билдирет;

10. Казакстан Республикасын 2022-2024-жылдарга БУУнун Адам укуктары боюнча кеңешинин мүчөлүгүнө, 2021-2025-жылдарга ЮНЕСКОнун эл аралык гидрологиялык программасы боюнча өкмөттөр аралык кеңешке жана 2021-2025-жылдарга коммуникацияны өнүктүрүү боюнча ЮНЕСКОнун Эл аралык программасы боюнча өкмөттөр аралык кеңешке шайлануусу менен куттуктайт;

11. Казакстан Республикасынын эл аралык коопсуздукту чыңдоого кошкон эбегейсиз салымын жана ядролук куралсыз дүйнөгө жетишүү боюнча глобалдык күч-аракеттерди ядролук куралсыздануунун, жайылтпоонун жана тынчтык дипломатиясынын ишенимдүү жактоочусу катары жогору баалайт;

12. Кыргызстан менен Тажикстандын ортосундагы чек арадагы чыңалууну тынчтык жолу менен жөнгө салуу боюнча Кыргыз Республикасынын аракеттерине колдоосун билдирет; өз ара ишенимди бекемдөө жана келечекте чек ара кофликттерди болтурбоо максатында эки мамлекеттин ортосундагы диалогду кубаттайт;

13. Кыргыз Республикасында жүрүп жаткан конституциялык реформага оң баа берет жана өлкөнүн андан аркы демократиялык өнүгүүсүнө колдоосун билдирет;

14. Кыргыз Республикасын 2021-жылдын 18-декабрында ЮНЕСКОнун Материалдык эмес маданий мурастарды коргоо боюнча Өкмөттөр аралык комитетинин Баалоо органына 4 жылдык мөөнөткө шайланышы менен куттуктайт;

15. Кыргыз Республикасы тарабынан БУУнун 77-сессиясына “Куралсыздануу жана жайылтпоо жаатындагы эл аралык агартуу күнү” деп аталган резолюциянын долбоорун демилгелөө ниетин кубаттайт;

16. 2023-2025-жылдарга БУУнун Адам укуктары боюнча кеңешине Кыргыз Республикасынын талапкерлигин колдоосун билдирет;

17. Кыргыз Республикасынын Президенти Садыр Жапаровдун демилгеси менен БУУ тарабынан 2022-жылдын «*Тоолорду туруктуу өнүктүрүүнүн эл аралык жылы*» деп жарыяланышын жана 2021-жылдын 16-декабрында БУУнун Башкы Ассамблеясынын

76-сессиясынын пленардык жыйынында тиешелүү резолюциянын кабыл алынышын жогору баалайт;

18. 2023-2027-жылдарды “Тоолуу аймактарды өнүктүрүү боюнча иш-аракеттердин беш жылдыгы” деп жарыялоо жөнүндөгү БУУнун 77-сессиясынын резолюциясынын долбоорун демилгелөө боюнча Кыргыз Республикасынын ниетин кубаттайт;

19. 2022-жылдын 20-апрелинде Кыргыз Республикасынын Президенти Садыр Жапаровдун Азербайжан Республикасына расмий сапарынын алкагында мамлекет башчыларынын “Азербайжан Республикасы менен Кыргыз Республикасынын ортосундагы стратегиялык өнөктөштүк жөнүндө декларацияга” кол коюусун кубаттайт;

20. 2022-жылдын 29-30-мартында Түркия-Өзбекстан Жогорку деңгээлдеги стратегиялык кызматташтык кеңешинин (YDSK) 2-жыйынына байланыштуу Президент Режеп Тайып Эрдогандын Өзбекстан Республикасына сапарынын алкагында «Өзбекстан Республикасынын Президенти Шавкат Мирзиёев менен Түркия Республикасынын Президенти Режеп Тайып Эрдогандын ар тараптуу стратегиялык өнөктөштүк жөнүндө биргелешкен билдирүүсүнө» кол коюусун кубаттайт;

21. 2022-жылдын 10-майында Казакстан Республикасынын Президенти Касым-Жомарт Токаевдин Түркия Республикасына мамлекеттик сапарынын жүрүшүндө «Казакстан Республикасынын Президенти Касым-Жомарт Токаев менен Түркия Республикасынын Президенти Режеп Тайып Эрдогандын кеңейтилген стратегиялык өнөктөштүк жөнүндө биргелешкен билдирүүсүнө» кол коюусун кубаттайт;

22. Казакстан Республикасынын Президенти Касым-Жомарт Токаевдин 2022-жылдын 26-майындагы Кыргыз Республикасына болгон расмий сапарынын алкагында жетишилген Казакстан Республикасы менен Кыргыз Республикасынын ортосундагы эки тараптуу кызматташтыкты активдештирүү жана стратегиялык өнөктөштүктү бекемдөө боюнча макулдашууларды кубаттайт;

23. Түркия Республикасынын эл аралык коопсуздуктун чыңдалышына кошкон салымын баса белгилеп, бул контекстте Украинадагы кырдаалга байланыштуу дипломатиялык чечүү жолдорун издөө боюнча көмөктөшүү/арачылык аракеттерин жогору баалайт;

24. Түркия Республикасын 2021-жылдын 9-10 декабрында Стамбулда өткөрүлгөн ИКУга мүчө-мамлекеттердин Парламенттик

биримдигинин (ИКПБ) 16-конференциясын жана 2022-жылдын 11-13-мартында болуп өткөн эл аралык маселелерди талкуулоо жана чечүү үчүн жогорку деңгээлдеги платформа болгон «Дипломатияны кайрадан колдоо» аттуу Экинчи Анталия дипломатиялык форумун ийгиликтүү өткөрүшү менен куттуктайт;

25. Келечекте 2022-жылдын 9-18-августунда Конья шаарында 5-Ислам тилектештик оюндарынын уюштурулушун жана Коньяны “2022-жылдагы Ислам өлкөлөрүнүн спорт борбору” катары тандалышын кубаттайт;

26. 2022-жылдын 20-21-июнунда Стамбул шаарында Түркия Улуу Улуттук Жыйыны жана Парламенттер аралык биримдиги (ПАБ) менен биргеликте Миграция боюнча Глобалдык Парламенттик Конференциянын уюштурулушун жогору баалайт;

27. БУУнун Башкы Ассамблеясынын 15-мартты Исламофобия менен күрөшүүнүн эл аралык күнү деп жарыялоо боюнча резолюциясын жогору баалайт;

28. Ислам Кызматташтык Уюмуна (ИКУ) мүчө-мамлекеттердин Парламенттик Бирлигинин (ПИКУ) Саясий иштер жана тышкы байланыштар боюнча комитетинин алдында мусулман жамааттары жана азчылыктар боюнча периодикалык баяндамаларды даярдай турган Мусулман жамааттары жана азчылыктар боюнча чакан комитеттин түзүлүшүнө жана аталган чакан комитеттин биринчи отурумун 2022-жылы 26-27-майда Анкарада уюштурулушуна канааттангандыгын билдирет;

29. Түркия Республикасынын өкүлүн ЮНЕСКОнун Башкы конференциянын 40-сессиясынын ийгиликтүү Төрагалыгынын аякташы менен куттуктайт жана анын бул кадыр-барктуу кызматтагы мактоого татыктуу эмгегин жогору баалайт;

30. Түркия Республикасын 2021-2025-жылдарга ЮНЕСКОнун Аткаруу кеңешине шайлануусу менен куттуктайт;

31. Өзбекстан Республикасын региондун аялдарынын өлкөнүн саясий, экономикалык жана социалдык чөйрөлөрүнө катышуусун жогорулатууга багытталган уникалдуу платформа болгон Борбордук Азиядагы Лидер аялдар диалогуна (БАЛАД) төрагалыгын ийгиликтүү аякташы менен жана Түркмөнстан Республикасын БАЛАДка төрагалыгын алышы менен куттуктайт;

32. Аралдагы реалдуулуктардын негизинде Кипрде адилеттүү, узак, туруктуу жана өз ара алгылыктуу жөнгө салууга жетишүү зарылдыгын баса белгилейт; Тынч, коопсуз жана гүлдөп өнүккөн келечек үчүн Кипрдик түрк элинин тең укуктуу укуктарын камсыз кылуу умтулууларына бекем тилектештигин билдирет жана Түркия Улуу Улуттук Жыйынынын кипрдик түрктөрдү Түрк мамлекеттер уюмунун тиешелүү иш-чараларына катышууга чакыруу өтүнүчүн эске алат;

33. Коопсуздукту чыңдоодо парламенттердин маанилүү ролун баса белгилейт жана мүчө мамлекеттерди терроризмдин, экстремизмдин жана сепаратизмдин бардык түрлөрүнө жана формаларына каршы күрөштө, ошондой эле расизмге, дискриминацияга, ксенофобияга, исламофобияга жана кастык (жек көрүү) тилине каршы күрөштө кызматташууну күчөтүүгө чакырат; мүчө мамлекеттерди бул багыттар боюнча эл аралык кызматташтыктын алкагында өз ара аракеттерди координациялоого чакырат;

34. 2021-жылдын 24-октябрында өткөн Өзбекстан Республикасындагы Президенттик шайлоонун, 2021-жылдын 28-ноябрында өткөн Кыргыз Республикасындагы парламенттик шайлоонун жана 2022-жылдын 5-июнунда өткөн Казакстан Республикасындагы Конституциялык өзгөртүүлөр жөнүндө референдумдун жүрүшүндө өзүнүн Шайлоого жана референдумга байкоо жүргүзүү миссияларынын ишмердүүлүгүн белгилеп, бул шайлоолордун жыйынтыктарына оң баа берет;

35. 2022-жылдын 12-мартында Түркмөнстанда мөөнөтүнөн мурда президенттик шайлоонун тынчтык жана бейпилдик атмосферада жогорку активдүүлүк менен өткөндүгүнө канааттануусун билдирет;

36. Мүчө мамлекеттерди моделдик мыйзамдарды иштеп чыгуу процессине активдүү катышууга чакырат;

37. Парламенттердин мүчө мамлекеттердин тышкы саясий кызматташтыгына кошкон салымын баса белгилейт, жана ушул контекстте 2022-жылдын 9-мартында Укуктук маселелер жана эл аралык байланыштар боюнча комиссиянын алкагында өткөн мүчө парламенттердин эл аралык иштер боюнча комитеттеринин башчыларынын виртуалдык Биринчи жыйынынын жыйынтыктарын жогору баалайт; мүчө мамлекеттердин парламенттик комитеттеринин ортосундагы өз ара аракеттенүүнү күчөтүүгө чакырат;

38. Адамдык өлчөмгө тиешелүү маселелер боюнча кызматташуунун маанилүүлүгүнө токтолуп, ушуга байланыштуу 2022-жылдын 24-25-майында түрк мамлекеттердин парламентарийлеринин жана акыйкатчыларынын катышуусунда Азербайжан Республикасынын Милли Межлиси, ТүркПА жана Азербайжан Республикасынын Акыйкатчы институту биргелешип уюштурган «ТүркПА мүчө мамлекеттерде адам укуктарын коргоо» аттуу конференциянын жыйынтыктарын кубаттайт;

39. Регионалдык жана эл аралык уюмдар менен кызматташтыктын өнүгүшүнө канааттануусун билдирип жана 2021-жылдын 22-ноябрында кол коюлган эки уюмдун ортосундагы кызматташуу боюнча өз ара түшүнүшүү меморандумунун алкагында Азык-түлүк коопсуздугу боюнча Ислам уюму (АКИУ) менен кызматташтыкты өнүктүрүүнү жогору баалайт;

40. 2021-жылдын 16-декабрында Бириккен Улуттар Уюмунун Башкы Ассамблеясынын 76-сессиясынын пленардык жыйынында Кошулбоо кыймылынын Төрагасы катары Азербайжан Республикасынын Президенти Ильхам Алиевдин демилгеси менен сунушталган “COVID-19га каршы вакциналарга адилеттүү, алгылыктуу, өз убагында жана жалпы жеткиликтүүлүгүн камсыздоо” резолюциясынын кабыл алынышын жогору баалайт;

41. Түркия, Азербайжан, Казакстан жана Венгриянын Түрк мамлекеттеринин уюмунун колдоосу астында Африка өлкөлөрүнө вакцинаны кайрымдуулук берүүсүн кубаттайт;

42. COVID-19 пандемиясына каршы күрөштө, ошондой эле өзгөчө кырдаалдар учурунда кызматташтыкты улантууга чечкиндүүлүктү баса белгилейт;

ЭКОНОМИКАЛЫК ЖАНА СОЦИАЛДЫК МАСЕЛЕЛЕР

43. Кыргыз Республикасын 2021-жылдын 5-ноябрында Бишкек шаарында жашыл экономиканы калыбына келтирүүгө, санариптештирүүгө жана бизнес-чөйрөнү жакшыртууга багытталган «*Европа биримдиги – Борбор Азия*» *Биринчи экономикалык* форумунун ийгиликтүү уюштурулушунун жогору баалайт;

44. 2030-жылга чейин туруктуу өнүгүү боюнча глобалдык Күн тартибиндеки маселелерди чечүүдө, туруктуу жана инклюзивдүү келечекти курууда парламенттердин ролун баса белгилейт жана ушуга байланыштуу, аялдар жана эркектер жана жаш маселелер

боюнча улуттук саясатты алга жылдыруу максатында ТүркПАнын алкагында түзүлгөн парламенттер аралык механизмдер болуп саналган Аял жана Жаш парламентарийлер тобунун биринчи жыйындарын–уюштурууну жогору баалайт; ТүркПАнын пленардык отурумдардын алкагында Аял парламентарийлердин жана жаш парламентарийлердин тобунун туруктуу жолугушууларын ошол даталарда жана жерде уюштурууну чечет; аялдарды жана жаш парламентарийлерди улуттук делегациялардын курамына кошууну сунуш кылат; пандемиядан кийинки мезгилде социалдык-экономикалык абалды калыбына келтирүү процесстеринде аялдардын жана жаштардын чоң потенциалын баса белгилейт;

45. Мүчө мамлекеттердин экономикасында жана пандемиядан кийинки мезгилде экономикалык өсүштү турукташтыруудагы чакан жана орто бизнестин (ЧОБ) ролун, жана ушуга байланыштуу ЧОБду мамлекеттик колдоонун маанилүүлүгүн баса белгилейт;

46. Социалдык ишкердикти колдоого жана калктын социалдык жактан аярлуу катмарын ишкердикке стимулдаштырууга багытталган программаларды кубаттайт;

47. Улуттук саламаттыкты сактоо системаларын жакындаштыруу жана анын потенциалын жогорулатуу жаатында мүчө өлкөлөрдүн кызматташтыгын кеңейтүү, анын ичинде медициналык адистерди даярдоо, инфраструктураны жана медициналык кызмат көрсөтүүлөрдүн сапатын жакшыртуу зарылдыгын белгилейт;

48. Саламаттыкты сактоо жаатындагы COVID-19 пандемиясынын терс кесепеттерин жоюу боюнча мүчө парламенттердин кызматташтыгын жогору баалайт жана бул контекстте 2022-жылдын 11-майында Анкарада өткөн «ТҮРКПАга мүчө мамлекеттерде пандемияга каршы күрөшүү» аттуу семинарынын жыйынтыктарын кубаттайт;

49. Сапаттуу билим берүү, саламаттыкты сактоо менен бакубат жашоо, аялдар менен эркектер үчүн тең мумкүнчүлүк, экономикалык өсүш, жагымдуу айлана чөйрө менен таза энергияга байланыштуу Туруктуу өнүгүү максаттарын ишке ашыруу боюнча мүчө мамлекеттердин ортосундагы кызматташтыкты өнүктүрүүгө чакырат;

50. Аймактык транспорт жана коммуникациялар, анын ичинде Транскаспий чыгыш-батыш ортоңку коридору жаатындагы кызматташтыкты өнүгүүсүн колдойт;

51. Аймактагы жетишпеген байланыштарды жоюуга багытталган түрк мамлекеттеринин ортосунда кыска жана эффективдүү альтернативдик байланышты камсыз кылган, анын ичинде Зангезур коридору, жаңы транспорттук инфраструктураны курууну кубаттайт;

МАДАНИЯТ, ИЛИМ, БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА МААЛЫМАТ

52. Салттуу спорттун түрлөрүн жана оюндарын кайра жаратуудагы, атап айтканда 2014, 2016, 2018-жылдары Кыргыз Республикасынын Ысык-Көл облусунда ийгиликтүү өткөрүлгөн Дүйнөлүк көчмөндөр оюндарын уюштуруу жана жайылтуудагы Кыргыз Республикасынын ролун жогору баалайт; Дүйнөлүк көчмөндөр оюндарынын маданияттар аралык диалогду, түрктөрдүн маданий мурастарын жана баалуулуктарын илгерилетүүгө, ошондой эле Түрк дүйнөсүнүн таанылышын жогорулатууга кошкон өзгөчө салымын баса белгилейт; мүчө мамлекеттерди 2022-жылы Бурсада, Түркия, болуп өтө турган IV Дүйнөлүк көчмөндөр оюндарына активдүү катышууга чакырат;

53. 2021-жылдын 16-декабрында ЮНЕСКОнун Материалдык эмес маданий мурастарды сактоо боюнча өкмөттөр аралык комитетинин жыйынынын жүрүшүндө Дүйнөлүк көчмөндөр оюндарын жана Хусн-и Хат Түркиядагы ислам көркөм өнөрүнүн салттуу каллиграфиясын ЮНЕСКОнун материалдык эмес маданий мурастар тизмесине киргизишин кубаттайт;

54. 2021-жылдын 6-31-июлунда өткөрүлгөн ЮНЕСКОнун Дүйнөлүк мурастар комитетинин 44-сессиясында Арслантепени (Малатия, Түркия) ЮНЕСКОнун Дүйнөлүк мурастар тизмесине киргизиши менен куттуктайт;

55. 2022-жылдын 5-8-майында Азербайжандын маданий борбору – Шуша шаарында биринчи Эл аралык тамак-аш өнөр жай фестивалын уюштурулушуна канааттануусун билдирет;

56. Түркияда 2018-жылдан бери ийгиликтүү уюштурулуп келе жаткан “Teknofest” авиация, космос жана технология фестивалын жогору баалайт жана аталган фестивалды биринчи жолу Түркиянын чегинен тышкары Азербайжандын Баку шаарында 2022-жылдын 26-29-майында өткөрүлүшү менен куттуктайт;

57. Мүчө мамлекеттердин улуттук академиялык чөйрөлөрү жана билим берүү мекемелери менен кызматташууну жана буга байланыштуу 2021-жылдын 23-ноябрында Казакстан Республикасынын Биринчи

Президенти – Елбасынын китепканасы менен кызматташуу жөнүндө Меморандумга кол коюуну кубаттайт;

58. Түрк каганатынын түзүлүшүнүн 1470 жылдыгы, Шуша шаарынын негизделишинин 270 жылдыгы, Мырза Казим бейдин 220 жылдыгы, Мирза Фатали Ахундзаденин 210 жылдыгы, Омар Фаиг Неманзаде менен Ахмет Байтурсынулынын 150 жылдыгы, Хусейн Жавид менен Ишеналы Арабаевдин 140 жылдыгы, Ахмад Жавад менен Назир Төрөкулулынын 130 жылдыгы, Мухтар Ауэзовдун 125 жылдыгы, Түгөлбай Сыдыкбековдун 110 жылдыгы, Жеңиштин 100 жылдыгы (Түркия), Фикрат Амиров, Карбоз Дыйканов жана Токтоболот Абдумомуновдун 100 жылдыгы жана Зейнеп Коркмаздын 100 жылдыгы сыяктуу Түрк дүйнөсүнүн көрүнүктүү инсандары жана маанилүү окуяларынын маарекелерине карата куттуктоолорду жолдойт жана бул багытта кеңири майрамдоого колдоо көрсөтөт;

59. Мисинформацияга жана дезинформацияга каршы күрөшүүдө кызматташууга чакырат жана ушуга байланыштуу улуттук жалпыга маалымдоо каражаттары менен маалымат агенттиктеринин, ошондой эле парламенттин тиешелүү бөлүмдөрүнүн ортосундагы кызматташтыкты чыңдоонун маанилүүлүгүн баса белгилейт;

ТҮРК КЫЗМАТТАШТЫК УЮМДАРЫ

60. 2021-жылдын 12-ноябрында Стамбул шаарында «Санариптик доордо жашыл технологиялар жана акылдуу шаарлар» темасында болуп өткөн Түрк мамлекеттеринин уюмунун 8-саммитинин жыйынтыктарын жогору баалайт; Саммитте кабыл алынган тарыхый чечимдердин, анын ичинде «Түрк тилдүү мамлекеттердин кызматташтык кеңешинин» атын «Түрк мамлекеттеринин уюму» деп өзгөртүүнүн жана орто мөөнөттүү жана узак мөөнөттүү максаттарды жана милдеттерди аныктаган «Түрк дүйнөсүнүн көз карашы - 2040» документин кабыл алуунун маанилүүлүгүн баса белгилейт;

61. Түрк мамлекеттеринин уюмунда байкоочу статусунун берилиши менен Түркмөнстанды куттуктайт жана ушуну түрк дүйнөсүндөгү көп тараптуу кызматташтыкты мындан ары чыңдоого олуттуу салым катары баалайт;

62. Түрк инвестициялык фондун түзүү процессинде Түрк мамлекеттеринин уюмуна колдоосун билдирет;

63. Түрк кызматташтык уюмдарынын өз ара аракеттенүүсүнүн маанилүүлүгүн баса белгилейт жана бул контекстте, 2022-жылдын 2-мартында онлайн форматта өткөрүлгөн Координациялык комитеттин экинчи жыйынынын жыйынтыктарын кубаттайт; Түрк кызматташтыгынын жалпы программасын натыйжалуу ишке ашыруу үчүн уюмдарды өз ара аракеттенүүнү жана кызматташууну күчөтүүгө чакырат;

64. 2022-жылдагы Түрк дүйнөсүнүн маданий борбору Бурса шаарында 2022-жылдын 31-мартында өткөрүлгөн ТҮРКСОЙдун Туруктуу кеңешинин кезексиз жыйынынын жыйынтыгын жана Азербайжандын Шуша шаарын 2023-жылдагы Түрк дүйнөсүнүн маданий борбору деп жарыялоо чечимин жогору баалайт;

65. ТҮРКСОЙ, Түрк академиясы жана Түрк маданияты жана мурасы фонду тарабынан түрк элдеринин тарыхый жана маданий баалуулуктарын жайылтууга багытталган, маанилүү даталарга жана көрүнүктүү инсандарга арналган иш-чараларды уюштурууну кубаттайт;

УЮШТУРУУ МАСЕЛЕЛЕРИ

66. Казакстандын ТүркПАда төрагалыгы учурундагы ишмердүүлүгүн, өзгөчө анын мүчө-мамлекеттердин ортосундагы ар кайсы тармактарда кызматташтыкты тереңдетүүгө багытталган аракеттерин жана моделдик мыйзамдарды иштеп чыгуу боюнча аткарган иштерин жогору баалайт;

67. ТүркПА Катчылыгынын мүчө мамлекеттердин ортосундагы кызматташтыкты бекемдөө жана Ассамблеянын беделин жогорулатуу боюнча иш-аракеттеринин маанилүүлүгүн белгилейт;

68. Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Чолпон-Ата шаарында көрсөткөн жылуу меймандостугун жана ТүркПАнын Он биринчи Пленардык отурумун жогорку деңгээлде уюштуруусун жогору баалайт;

69. 2023-жылы 27-29-апрель Он экинчи Пленардык отурумду Түркия Республикасында Стамбул шаарында өткөрүү жөнүндө чечим кабыл алат.